Асан Жансейитов атындагы орто мектеби

# «Окуу керемет» долбоору боюнча иш-план

Асан Жансейитов атындагы орто мектебинин башталгыч класстарында

## «Окуу керемет» долбоору боюнча иш планы

| № | Иштин темасы | убактысы | жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | «Окуу керемет» стратегиялары боюнча УББ семинары | август | Мурсаева Г.К |
| 2 | Бурч уюштуруу | сентябрь | УБ жетекчиси |
| 3 | Стратегиялардын сабакта колдонулушун текшерүү | жыл ичи | УБ жетекчиси |
| 4 | «Китепче жасоо»конкурсу | март | Мугалимдер |
| 5 | Математика сабагында стратегиялардын колдонулушу | жыл ичи | УБ жетекчиси |
| 6 | «Фин-чилистен»сынагы | февраль | Мурсаева Г.К |
| 7 | «Китеп куржуну» | март | мугалимдер |
| 8 | «Мен чилистен» | жыл ичи | китепканачы |

Асан Жансейитов атындагы орто мектебинде «Окуу керемет»долбоору менен иштөө боюнча маалымат.

Республика боюнча башталгыч класстардын мугалимдери «Окуу керемет»долбоорунун алкагында иш алып барып келишет.Бул долбоорго биздин мектеп да катышып ,ачык сабактар конкурстар өтүлүп келе жатат.

Мектепте окуу жылынын башында иш-план түзүлүп,ошол иш-план менен иш жүргүзүлүүдө.Сабактарга тренерлер,региондук тренерлер жана мектептин мугалимдери катышыш ты.

Мугалимдер алган билимдерин өз тажрыйбаларында ийгиликтүү пайдаланып келе жатышат.

Өз кезегинде мектептин мугалимдери да бул долбоорду жогорку деңгээлде кабыл алышып, онлайн сессияларга активдүү катышып, биргеликте иш алып барууда. Буга чейин да ар бир өтүлгөн модулдан кийин мугалимдер ачык сабактарды өтүп жатышат. Мугалимдер арасында тажрыйба алмашуулар болуп бири-биринин сабактарына активдүү катышкандар болду.

«Окуу керемет» долбоорунун алкагында конкурстар, адабий кечелерди, көргөзмөлөрдү, атайын бурчтарды уюштурууга жетише алышты. Бүгүнкү күндө долбоордун негизинде төрт башталгыч класстын мугалимдери сабактарды өтүшүүдө. Сабактарда, семинарларда үйрөнгөн долбоордун стратегияларын сабактарда туура пайдаланып жатышат. Окуучулардын активдүүлүгү, өз алдынча ой жүгүртүүсү, билимдерин жашоодо колдонууга үйрөнүп логика жактан күчтүү балдарды тарбиялап жаткандары байкалууда. Өз алдынчалуулукка тарбияланышкандыгынын натыйжасында окуучулар «Менин оюмча…» деп сөз башташууларын байкоого болот.

Мугалимдер өз кезегинде окуучулардын сабакка жалпы катышуусуна көзөмөл жүргүзүп, калыптандыруучу баалоону пайдалана алышат. Бир да окуучуга көңүл бөлүнбөй калбайт. Баарына бирдей дифферанциалдык мамиле жасалат. Сабактар жогорку деңгээлде мыкты уюштурулат.

Долбоордун алкагында сабак өткөн эжейлер өз ойлору менен бөлүшүштү:

Мурсаева Г.К сөзү: «Мен 3-класска адабий окуу сабагынан «Угам, окуйм, түшүнөм» жана «Текст түзүү» стратегияларын колдондум. Окуучулар активдүү катыша алышты. Бул стратегияны колдонууда үч баскычты басып өтөбүз.

1. Маалыматты кабылдоого даярдоо
2. Маалыматты кабылдоо

3. Маалымат менен иштөө.

Чыгарманын негизинде окуучулар турмуштук мисалдарды келтире алышты.»

Карасартова Г.Ж «Мен 2-класска мекен таануу сабагынан «Суу» темасында «Сандык катар» стратегиясын колдонуу менен сабак өттүм.»

Исламбек к А «Мен математика сабагын 2-класска өттүм. Сабагымда «Түшүндүрүү жана негиздөө» стратегиясын колдонуп сабак өттүм. Балдар сабакка активдүү катышышып, ар кандай деңгээлдеги тапшырмаларды аткара алышты».

«4-класска мен Джамангулова Калира долбоордун «Түшүндүрүү жана негиздөө»стратегиясынын «Моделдердин көптүгү»колдондум»,-дейт.

Класстар арасында «Китепче жасоо» конкурсу өткөрүлөп жатат.Жана ошондой эле «Фин-чилистен»сынагы, «Китеп куржуну» кечелери өткөрүлүп жатууда.


ОКУУ
КЕРЕМЕТ
Кошуу жана кемитүү
Модулдар
Сан жана сандарды түшүнүү
Чоңдуктарды ченөө
Көбөйтүү жана бөлүү
Тексттик маселелерди чыгаруу



ОҚУ
КЕРЕМЕТ


Окуу керемет
USDA
MERCY CORPS
МИЗАМ
МИЗАМ
БИЗДИН


ЖАЙ
КЫШ
8
1
3
=
5
7 9 4
10